# Портал электронных обращений граждан
# в государственные органы Кыргызской Республики

**Электронное обращение №19817**

**Тип обращения:** Заявление

**Статус обращения:** Необходимы дополнительные сведения

**Вариант обращения:** Индивидуальное обращение

**На контроле:** Нет

**Контактные данные**

**ФИО:** Мамитов Мухаммадазиз Мухамадусупович
**Электронный адрес:** [redacted]@gmail.com **Контактный телефон:** [redacted]

**Адрес проживания**

**Населённый пункт:** Гулистан айыл аймагы, Фрунзе айылы
**К□ч□:** Машрапов **Дом:** [redacted] **Квартира:** **Блок:** **Почтовый индекс:** 723400

**Социальное положение:** Мамкызматкер **Тематика обращения:**
**Статус обращения:**

**Государственный орган:** Президент Кыргызской Республики
**Должностное лицо:** Президент Кыргызской Республики
**Государственные органы:**

**Текст обращения:**
Урматтуу Садыр Нургожоевич, сиз жетектеп жаткан команда менен мамлекетибиздин имиджи акырындык менен өзгөрүп, элдин мамалекетке болгон ишеними күн сайын артып бара жатат. Сиздин адилетүүлүк менен алып бара жаткан саясатыңыздын негизинде көптөгөн социалдык объекттер, курулуштар жолдор оңдолуп, карапайым элге жакшы жашоо үчүн шарт түзүлүп жатат. Сиз баштаган реформа Бишкектен баштап эң алыскы айылдарга чейин толук жетип барышына ишенемин. Бүгүнкү элдин мамлекетке болгон көз карашы үч жыл мурдагыдан өтө жакшы. Кошуна өлкөлөрдүн ичинде эң көп шайлоо биздин өлкөдө болсо керек. Ошону менен бирге атайын топтор, атайын адамдар ар шайлоодо элди алдап, мажбурлап, шайлоодун мыйзамдуу өтүшүнө тосколдук кылышып келишет. Сиздин шайлоо боюнча кылган акыркы реформаларыңыз мактоого татыктуу, мен ичимде президентибиз өзү баш болуп, ысырапка каршы аракет кылып жатат, кагаздарды, ашыкча чыгымдарды жок кылып жатат деп түшүндүм. Акыркы жергиликтүү кеңештерге болгон шайлоодо камера аркалуу онлайн күзөтүп туруу да жолго коюлганы бизди кубанткан болчу. Тилекке каршы бүгүнкү күндө өзүнө этият бол өзгөнү ууру тутпа, деген сөз өз тастыгын таап жаткан мезгил. Видео камера эң туура жолдордун бири, деп ойлоймун. Мен дагы 17-ноябрь 2024-жылы болуп өткөн шайлоого талапкер катары Ош облусу, Ноокат району Гулистан айылдык кеңешине Фрунзе №1 шайлоо округунан депутаттыкка талапкер катары катыштым. Шайлоого катышуу шайлоочулар тарабынан абдан начар болду. Мынчалык болбошу керек болчу. Бул нерсенин бир канча себептери бар. Төмөндөгү себептер негиздүү деп, ойлоймун. Алар: 1. Элге чакыруу кагазы берилген эмес (көп жылдар мурда берилет болчу, кайра жолго коюш керек). 2. Шайлоого келген эл шайлоо участкасынан чыкпай, башка участкадан чыгып, элдер башка участкага барган жок. (Ушунун негизинде катышуу төмөн). Бул жерде кандайдыр оюндар бар болсо керек. Колдон келишинче иликтегенге аракет кылып жатам. Себеби бир жерде жашаган, бир үйдө каттоодо турган адамдар, эч качан ар бири башка, башка участкадан чыгуусу мүмкүн эмес. Мурдагы шайлоодо бардыгы бир жерден чыгып кийинки шайлоодо башка жерден чыгуусу, адамды шектендирет. Ошону менен бирге

шайлоого барбай коюуга шарт түзөт. Эми өзүмө кайта турган болсок, 17-ноябрь күнү шайлоо болуп жаткан учурда Фрунзе 5400 шайлоо участкасында да камера коюлган экен. Абдан жакшы болуп, деп суюндум. Шайлоо болуп өттү. Мен шайлоонун эртеси күнү жумушка бардым. Бир айдан бери жумушта эмес элем. 18-19-20-ноябрь күндөрү аткарылбаган иштерди аткарып, 20-ноябрь күнү саат 19:00дун тегерегинде мектептин камерасынан шайлоо болгон күндү издеп, таптым. Тилекке каршы төмөндөгү окуяларга күбө болдум. Видео көзөмөлдө калган жазууда, талапкерлер Бозорбоев Мухамадсодик Полотович, Мирзаев Бакижон Юсупжоновичтер шайлоо өтүүчү жерге келип, шайлоочулар менен баарлашып, блютен чыгаруучу жерге чейин келгендиги байкалат. Бул нерсе көп убакыт сөзүлганын көргөнгө болот. Андан сыркары мен байкабай калган учурлар да кездешип калуусу толук мүмкүн. 17-ноябрь саат 08:00дон баштап саат 19:00го чейинки болгон убакытта бардык окуяларды көрсө болот. Далил катары төмөндөгү дарекке жүктөп койдум: https://drive.google.com/file/d/1Uk14yJV5bJ28rz9VyJ4K9s6h8Ld2c2my/view?usp=drive_link Менде видеону көрүп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамынын 23-беренеси бузулган жокпу, 28-беренесинин 4-пункуту, 38-беренеси 6-пункуту бузулбадыбы? деген суроолор пайда болду. Аталган кат БШКга, Ноокат РИИБна жана Ноокат районунун прокуроруна, жиберилди. БШКга берилген арыз канааттандырылбады. 1. Арыз кеч берилген деген, жүйө менен. 2. Сиз видео көзөмөлдү карабашыңыз, керек болчу, деген сөз менен. Ушундай маалыматтар жок болсо, демек таза эмес шайлоо да таза болуп өтүп кете береби? Шайлоо учурунда коюлган видео көзөмөл мен арыз бергенге чейин иштебесе анан качан иштейт, кайсыл мыйзам бузууну аныктайт? Урматтуу Садыр Нургожоевич ушул ишти өзүңүз көзөмөлдөп берүүңүздү сураймын.

---

**Резолюция:**